КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**25.09.2023 №5/9** **Чат-Кель айылы**

**Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесин, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4, 7, 66 жана 71-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Перзидентинин 2023-жылдын 29-августу ПЖ №215 "Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгы жана Элдик Курултайды өткөрүү жана шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы №1 чечиминин негизинде, З.Кайназарова айылдык кеңештин төрагасы Раимкулов Исламбек Майоровичтин маалыматын угуп жана талкуулап:

**З.КАЙНАЗАРОВА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2023-жылдын 18-ноябрында ишемби күнү Сокулук районунун Чат-Кель айылынын маданият үйүндө Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын (мындан ары-өкүлчүлүктүү жыйын) чакырылсын.

2. З.Кайназарова атындагы айыл аймак боюнча калктын санына жараша (5844 калк) өкүлчүлүктүү жыйынга 50 делегат шайланат.

3. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү боюнча З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын жамааттар бөлүктөргө бөлүнүү, жыйналыштарды өткөрүү графиги жана З.Кайназарова атындагы айылдык кенештин жоопту депуттары 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) курамы төмөнкүдөй бекитилсин.

1.Раимкулов И.М-айылдык кенештин төрагасы,жумушчу топтун төрагасы;

2.Шамбетова П.М-аялдар кенешинин төрайымы-жумушчу топтун катчысы

3.Аширбаева М.Э-айылдык кеңештин депутаты-жумушчу топтун мүчөсү

4.Токкожоев Ф.М-айылдык кеңештин депутаты-жумушчу топтун мүчөсү

5.Деркембаев Б.Т-Аксакалдар сотунун төрагасы –жумушчу топтун мүчөсү

6.Курманалиев Дж.С-Түз айылынын айыл башчысы-жумушчу топтун мүчөсү

7.Момукулов М.Б-Белек айылынын айыл башчысы-жумушчу топтун мүчөсү

5. Жумушчу топ:

- Кыргыз Республикасынын Перзидентинин 2023-жылдын 29-августу ПЖ №215 "Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгынын негизинде бекитилген 2-тиркемеде бекитилген убактылуу жобонун 8 беренесинин негизинде иш аткарсын.

6. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүнү уюштуруу, материалдык-техникалык камсыздоо жана маалымдоо иштери З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **И.М.Раимкулов**